# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилденүүчү теманын актуалдуулугу.** Туризм экономиканын ири жана динамикалуу тармактарынын бири болуп саналат. Туризм тармагы, салыштырмалуу жаш индустрия болгонуна карабастан, дүйнө жүзүндө күн санап өнүгүп келе жаткан жана бул тармакты жетиштүү деңгээлде колго алган өлкөлөрдүн бюджетине түшкөн каражаттардын басымдуу бөлүгүн түзгөн тармактардын бири болуп саналат. Туризм тармагы дүйнөлүк экономикадагы тез өнүккөн сегменттердин бири болуп эсептелип, өзү жогорку деңгээлдеги алектенүүнү, социалдык бейкутчулукту жана жашоонун жогорку деңгээлин камсыз кылган татаал, кирешелүү, тармактар аралык комплексти түзөт. Салыштырмалуу кыска мөөнөттүн ичинде эл аралык туризм Бүткүл дүйнөлүк туристтик уюмдун маалыматы боюнча туризм тармагы дүйнөлүк экономикада экинчи орунду ээлейт жана ал тармакка бардык дүйнөлүк экономиканын 10 %ы, дүйнөлүк улуттук дүң продукциянын 6 %га жакыны, дүйнөлүк инвестиция 7 %ы, ар бир 16-жумушчу орун, дүйнөлүк керектөө чыгымдарынын 11 % туура келет жана анын орто жылдык өсүү темпи 4-5 %ды түзүп, тармакта иштегендердин саны 250 млн. адамга чамалайт, ошондой эле жалпы дүйнөдө туризм окуяларына катышкандардын саны 800 млн.дон ашат. Туристтик-рекреациялык кыйла потенциалга эгедер болгон Кыргызстандын туризмди жана эс алууну эл аралык деңгээлде өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрү чоң.

Туризмдин дагы бир өзгөчөлүгү, анын ачык түрдөгү территориялык мүнөзү, себеби туризмдин негизин түзгөн маданият, архитектура сыяктуу эле жаратылышты таануу жана анын баалулуктарын колдонуу.

Ошондуктан туризм региондун экономикасын өстүрүүнүн да негизги багыттарынын бири болуп саналат, башкача айтканда жаратылышынын кооздугу, рекреация байлыктарынын молдугу, сапатуулугу жагынан дүйнө жүзүндөгү ажайып керемет аймактары, адамдын ден-соолугуна жагымдуу тоолуу жаратылыш климаттык шарты, көлдөрү, минералдуу суулары, дарылык касиети күчтүү баткактар, көл жээгиндеги кумдуу тилкелер, табийгый кооз үңкүрлөр, этегин чер токой баскан бийик чокулары туризмдин көп тармагын өнүктүрүүгө түрткү берет. Ошол эле учурда туризм инфраструктурасынын начардыгынан, жеке бизнес менен туризмди башкаруунун мамлекеттик органдарынын ортосундагы системага салынган бири бири менен болгон байланыштын жоктугунан, туризм тармагындагы ишканалардын ишмердүүлүгүн мамлекеттик тескөөнүн жана колдоонун ыкмаларынын белгилүү бир деңгээлде жолго коюлбагандыгынан региондогу туризм тармагынын потенциалы керектүү деңгээлде натыйжалуу колдонулбай жатат. Мындан тышкары туризм бизнесине көптөгөн илимий эмгектер жана макалалар арналган менен, анын теоритикалык жана практикалык маңызы жана мазмуну мурунку советтик республикалар үчүн, дагы эле болсо терең ачылбай келе жатат.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдай теманы изилдөөнүн актуалдуулугун жана туризм бизнесин өнүктүрүүнүн, аны мамлекеттик тескөөнүн жана колдоонун илимий көйгөйлөрүн чечүүнүн керектигин аныктайт.

**Теманын изилдениши.** Учурда туризм тармагы көптөгөн илимий изилдөөлөрдүн предмети болуп саналат, ошондой эле ал өзүнө түрдүү адистердин кызыгуусун арттырат. Туризм тармагын ар тараптан изилдөөлөрдү бириктирүүчү

илимий комплекс катарында калыптанып жатат.Туризм тармагында туризм бизнесин өнүктүрүүнүн, аны мамлекеттик тескөөнүн жана колдоонун илимий көйгөйлөрүн изилдөөгө ата-мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын илимий иштери арналган. Алардын ичинен чет өлкөлүк жана Россиялык окумуштуулар: В. И. Азара, Д. Боуен, Д. Гильберт, Ф. Котлер, К. Купер, В. А. Александров, И. Т. Балабанов, В. Г. Гуляев, М. А. Жуков, М. Б. Биржаков, А. М. Бабушкина, С. А. Баранова, Т. Г. Гришкова, У. А. Сафаров, ата-мекендик окумуштуулар: К. О. Оторбаев, Д. А. Алымкулов, Т. Ж. Жыргалбеков, А. Г. Низамиев, Б. У. Турдумамбетов, З. К. Алайчиев,Т. С. Бобушев ж. б.

Жогоруда аталган окумуштуулардын кошкон илимий салымын жана алардын илимий жыйынтыктарын жогору баалоо менен бирге, учурдун талабына, региондордун өзгөчөлүктөрүнө ылайык туризм бизнесин өнүктүрүүнүн, аны мамлекеттик тескөөнүн жана колдоонун көйгөйлөрүн мындан ары да илимий изилдөө талап кылынат.

Туризм бизнесин өнүктүрүүнү, аны мамлекеттик тескөөнү жана колдоону өркүндөтүү методдорунун актуалдуулугу жана алардын методологиялык, концептуалдык жактан толук изилденип, иштелип чыкпагандыгы, аларды практикада натыйжалуу колдонуу маселелери диссертациялык изилдөөнүн темасын тандоого түрткү берет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий жана мамлекеттик программалар менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөө 2013-2017-жылдарда Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын жана өкмөттүн региондордо туризм тармагын өнүктүрүү программасынын алкагында жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты региондогу туризм тармагынын өнүгүү абалын анализдөө жана туризм бизнесин өнүктүрүүнүн, аны мамлекеттик тескөөнүн, колдоонун методдорун өркүндөтүү болуп саналат. Аталган максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттерди чечүү зарыл:

- туристтик бизнестин маанисин жана мазмунун ачуу жана ага кошумча киргизүү;
- туризм бизнесинин мамлекеттик тескөө жана колдоо боюнча методологиялык негиздерин аныктоо;
- туристтик бизнестин өнүгүшүн тескөөнүн жана колдоонун регионалдык аспектерин жана экономикага тийгизген таасирин изилдөө;
- регионалдык туризм бизнесинин учурдагы өнүгүү абалын жана аны мамлекеттик тескөө жана колдоону талдоонун негизинде туризм бизнесин өнүктүрүүнүн негизги багыттарын сунуштоо;
- туризм чөйрөсүндө маалымат аналитикалык борборун уюштуруу аркылуу туристтик бизнестин өркүндөтүүнүн жолдорун аныктоо;
- туристтик бизнесте мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү жана тескөө туристтик бизнестеги натыйжалуулукту жогорулатуунун ишенимдүү булагын изилдөө.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы төмөнкүлөрдөн турат;**

- туристтик бизнес жөнүндөгү илимий эмгектердин негизинде, туристтик бизнестин маанисин жана мазмунун талдоо менен бирдикте, автор туризм

кызматынын өзгөчөлүктөрүнө, башкача айтканда туристтик ишмердүүлүктүн бир эле убакта экономикадагы жана социалдык өнүгүүдөгү негизги ордун белгиледи;

- туризм Кыргызстандын экономикасындагы жаңы өнүгүп келе жаткан тармак катары мамлекеттик тескөөгө жана колдоого муктаждыгын белгилөө менен, алардын негиздерин систематизациялады;

- туристтик бизнестин регионалдык аспектерин белгилөөнүн негизинде территориянын экономикасына тийгизүүчү таасирлери аныкталды;

- регионалдык туристтик бизнестин учурдагы абалын талдоо аркылуу бизнести өнүктүрүүнүн резервдери аныкталды;

- Жалал Абад облусунун мисалында туризм чөйрөсүндөгү ишмердүлүүктүн өнүгүүсүнүн негизги багыттары сунушталды;

- автордун оюу боюнча туризм чөйрөсүндө атайын маалымат-аналитикалык борбор түзүү менен туристтик бизнестин өнүктүрүүнүн жолдору белгиленди;

- туризм динамикалык түрдө өсүп жаткан тармак катары мамлекеттик колдоо жана тескөө жолдору аныкталды жана аларга көмөктөш болгон мамлекеттик-жеке өнөктөштүк сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык иштин негизги жоболору, сунуштары жана корутундулары мамлекеттик бийлик тарабынан нормативтик-укуктук актыларды жана региондо бизнес ишин алып баруунун жана аны башкаруунун учурдагы шарттында колдонууга багытталган туризм тармагындагы ишканалардын ишмердүүлүгүн колдоо программаларын иштеп чыгууда колдонушу мүмкүн.

**Алынган илимий жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Илимий изилдөөнүн натыйжасында алынган негизги теориялык жоболор, илимий жыйынтыктар жана диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен берилген илимий сунуштар, туризм тармагында туризм бизнесин натыйжалуу өнүктүрүүгө негиз болуп калат.

**Диссертациялык коргоого алып чыгуучу негизги жоболор;**

- теоретикалык-методологиялык изилдөөнүн негизинде аныкталган туристик бизнестин мазмунуна, мамлекеттик тескөө жана колдоо негиздерине кээ бир кошумчалар;

- туристтик бизнестин регионалдык аспектери жана алардын территориялык экономикага тийгизген таасири;

- илимий изилдөө процессинде туризм тармагында иштеп жаткан ишканаларды мамлекеттик колдоонун түрлөрүнө болгон муктаждыктарын ачып көрсөтүүдө аныкталган мамлекеттик буюртма, ярмарка - көргөзмөлүк иш чараларды субсидиялоо, маркетингдик изилдөө кызматтары, жайлаштыруу, орундаштыруу жана сактоо жайларынын жеңилдештирилген ижаралары, коммуналдык төлөмдөргө карата жеңилдиктер, узак жана кыска мөөнөттөгү кредиттик келишимдер боюнча пайыздык ставкалардын бир бөлүгүн субсидиялоо, лизинг төлөмдөрүнүн бир бөлүгүн субсидиялоо жана жеңилдетилген шарттарда бизнес маселелери боюнча билим берүү сыяктуу мамлекеттик колдоонун түрлөрү;

- региондогу туризм тармагында иштеп жаткан бизнестик ишканалардын өнүгүшүнө өбөлгө түзүүчү жана кедерге болуучу факторлор.

- региондогу туризм тармагындагы ишканалардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуучу кадрдык камсыз кылуу системасын өркүндөтүү,

региондогу туристтик ишмердүүлүктү тескөө системасындагы институционалдык өзгөрүүлөр, туристтик рыноктун катышуучулары үчүн маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо, сезон аралык мезгилде туризм тармагынын ишканаларын колдоо программаларын иштеп чыгуу сыяктуу жыйынтык берүүчү формалар жана методдор;

- туризм тармагындагы ишканалардын маалыматтарды издеп таап алууга жана аны талдоого кеткен чыгымдарды кыскартуу максатында, аларды колдоочу Маалымат-аналитикалык борбор формасында сунушталган регионалдык маалыматтык камсыздоо системасы;
- туристтик агымдын көбөйүшүн камсыз кылуучу биргелешкен иш чараларды ишке ашырууга негизделген мамлекеттик - жеке партнёр түрүндө сунушталган экономикалык жактан максатка ылайыктуу колдоо формасы.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Автор тарабынан региондордо туризм бизнесин өнүктүрүү жана аны мамлекеттик тескөө жана колдоо маселелери терең изилденип, теориялык жана практикалык аспекте корутундуланды.

**Изилдөө жыйынтыгынын турмушка ашырылышы жана апробацияланышы.** Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн негизги натыйжалары эл аралык, республикалык, регионалдык жана жергиликтүү конференцияларда жана семинарларда талкууланды. Усулдук жоболор жана диссертациялык изилдөөнүн иштелмелери Жалал-Абад облусундагы туризм бизнеси менен иштеп жаткан ишканалардын практикалык ишмердүүлүгүндө колдонууга жол тапты.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы**

Диссертациялык тема боюнча 19 илимий макала ар түрдүү эмгектерде жана илимий журналдарда жарыяланды. Анын ичинен Россиялык илимий цитатага ээ болгон индекси бар 7 журналга, Саудовиялык Аравия, Израиль,Турцияга илимий басылмаларга 3 макала жана Кыргызстандагы илимий цитатага ээ болгон журналдарга 9 макала, жалпы 200дөн ашык балл топтолду

**Диссертациялык иштин көлөмү жана структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, 3 баптан, 9 параграфтан, 13 сүрөттөн, 19 таблицадан, корутундулардан жана адабияттардын тизмесинен,165 беттен турат.

**Диссертациялык иштин негизги мазмуну**

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын максаты жана изилдөө багыты, иштин актуалдуулугу жана түзүлүшү келтирилген.

**Биринчи бапта "Туризм бизнесин өнүктүрүүнүн, аны мамлекеттик тескөөнүн жана колдоонун теориялык - методологиялык негиздери":** деп аталып, анда туристтик бизнестин мааниси жана мазмуну; туризм бизнесин мамлекеттик тескөө жана колдоо боюнча методологиялык негиздер; туристтик бизнестин өнүгүшүнүн регионалдык аспектери жана экономикага тийгизген таасири каралган.

Учурдагы эң негизги маселелерден болуп, өлкөдө жана анын региондарунда тийиштүү социалдык-экономикалык өнүгүүнү камсыз кылып,өз убагында канааттандыруу болуп эсептелет. Ал эми социалдык-экономиканын өнүгүшүнүн өзү көп жактуу процесс жана ага көптөгөн факторлор таасир кылат. Алардын арасында эң чоң мааниге ээ болгон – бул ишкердүүлүк.

Учурда ишкердик туралуу бир топ аныктамалар бар.Алар ишкердиктердин ар кандай жактарын көрсөтөт: ишкердик-бул өндүрүштү уюштуруу, башкача

айтканда менеджер, ар кандай экономикадагы субъектердин ортосундагы ортомчу, коомдун алдыга сууручу башкача айтканда прогрессти камсыз кылуучу ишмер:өндүрүштн жетекчиси жана башка аныктамалары бар.

Биздин оюбузча ишкердик, бул өз пайдасын камсыз кылуу максатында ар кандай муктаждыкты өз убагында жана мейкиндикте табуу жана эң жакшы ыкма менен канааттандыруу, ошондон улам ишкердик өзүнө эң жок дегенде үч багытты камтыйт: биринчиден ал ар дайым муктаждыкты издөө менен алек болот.Бул жактан ишкердик жумушчу чыгармачылык кала берсе изилдөөчү мүнөзгө ээ; экинчиден муктаждыкты канааттандыруу максатында натыйжалуу жолдорду издейт; үчүнчүдөн рынок ыкмаларын негизинде келечектеги тенденцияларды аныктайт, керектүү жерлерде божомолдорду жана стратегиялык пландаштырууну камсыз кылат.

Ишкердик менен бизнес тыгыз байланышкан буларды синоним катары карасак болот. Ошентсе да биздин оюбузча аларда айрым айырмалары бар. Бизнес англис тилинен которгондо кандайдыр бир жумуш менен алектенүү дегенди билдирет. Бизнестин экинчи бир мааниси бул (практикада көбүрөөк орун алат) пайда табуу дегенди билдирет. Бул жагынан бизнестин максаты ишкердиктин максаты бир болуп жатат. Бирок бизнес менен алектенгендер ишкердүлүүккө караганда, алардын ар дайым туруктуу пайда табуучу мейкиндиги бар, ал эми ишкер адамга көбүрөөк изденүү мүнөздүү. Ошол гана айырмасы болбосо, алардын ишмердүүгүнө өтө көп окшоштуктар байкалат.

Ал эми экономикалык секторлорду тармактарды карасак алардын бардыгында эле бизнесинин өнүгүшүнө шарт бар. Алардын арасында дүйнөлүк мүнөзгө ээ болгон динамикалык өсүп бараткан туристтик тармакты башкача айтканда туристтик бизнести айтсак болот.

Туризм XXI кылымда көптөгөн мамлекеттердин жана региондордун түзүлүшүнө жана экономикасына эбегейсиз таасир көрсөтүүчү социалдык, саясий жана маданий көрүнүшү болуп калды. Азыркы туризм – бул индустриянын өнүгүшү эле эмес дүйнө жүзүндө саякатчылардын санынын жылдан жылга өсүшүнүн натыйжасы катарында маданияттын массалык феномени да болуп эсептелет.

Жумушта туризм ишкердиктин маңызын ачуу максатында, туризмдин классификациясы (түрлөрү) келтирилет. Алардын ичинен Кыргызстанда кеңири таркалган туризмдин түрлөрүнө көңүл бурулат да, ошол эле учурда, анын келечектеги потенциалы тууралуу сөз болот.Өзгөчө туризм менен рекреациялык процесстердин тыгыз байланышы жана алардын бири-бирине болгон таасирлери да келтирилет.

Бирок туристтик кыймылдарды кандай гана түрлөргө бөлбөйлү аны биздин оюбузча дагы бир белги менен бөлүүгө болот. Ал туризмдин экономикага, анын ичинен жергиликтүү экономикага таасирин тийгизгендиги боюнча да бөлсө болот. Жогору айтып кеткендей туризм экономиканын бир тармагы катары өлкөгө көп киреше алып келген сектор катары баалайбыз. Бул жагынан туризмдин өз экономикасы өз бюджетти мамлекет менен байланышкан мамилелерин айтабыз.

Туристтик бизнес – бизнес чөйрөсүндө өзүнчө орду бар. Ал бүткүл рынок мейкинигинде бир топ шарттар аркылуу аныкталат. Алардын эң негизгилери болуп туристтик бизнесинин эркиндиги. Мындай эркиндик үч нерсе менен мүнөздөлөт:

туристтик кызматтын өндүрүчүлөрдүн эркиндиги; туристтик кызматтын керектөөчүлөрдүн эркиндиги жана туристтик баалардын эркиндиги. Бирок ар кандай эркиндик бир жагынан бири-бири менен байланышы бар жана алар коомдук эрежелердин негизинде чектелет. Ал эми коомдук эрежелердин бирден бир сакчысы болуп мамлекет болуп эсептелет. Ошонун негизинде туристтик кызмат жана аны пайдалануу бир жагынан либералдык, башкача айтканда рыноктук мамилелерге жараша болсо, экинчи жактан мамлекет тарабынан, башкача айтканда коомдук түзүлүштүн аппараты тарабынын тескөөгө алынат.

Тилекке каршы айрым учурда мамлекет тарабынан тескөөдө, кээ бир маселелер өз убагында жана тийиштүү деңгээлде чечилбей калат. Ошонун негизинде туристтик бизнесинде да ушундай көрүнүштөр байкалат. Мисалы: туристтик кызмат көрсөтүүдө айкындыкты же керектүү сапаттуулуктун гарантиясы боло албайт. Ошондон улам айрым учурда экологиялык жактан бузууларда көп кездешет.

Ошондой болсо да, туризм чөйрөсү,башка ишкердиктин түрлөрүнө караганда мамлекет тарабынан тескөөнү жана колдоону талап кылат.Биздин оюубузча Кыргызстан үчүн туризмди тескөө жана колдоо айрым себептер менен түшүндүрүлөт. Биринчиден биздин республика үчүн туризмдеги ишкердүүлүк салыштырмалуу жаңы тармак катары, анын алдында бир топ уюштуруучулукту, инвестиция тартууну,туристтик маршруттарды ачууну талап кылат. Ошондуктан бул маселелерди чечүүдө мамлекеттик колдоо өтө зарыл иш.

Экинчиден туризм көп сандаган саякатчыларды өлкөгө тартуу жана өлкөдөн саякатчыларды чет өлкөлөргө жөнөтүү маселелери менен айырмаланат.Өзгөчө жоопкерчилик туристтерди тейлөө, аларга шарт түзүү жана башкалар болуп эсептелет. Ошол эле учурда туризм, жаратылыш байлыктарын колдонуу жана жергиликтүү калк менен бирдикте, кээ бир чарбалык жана маданий иштерди жургүзүүдө муктаждык болгондуктан, мамлекет тарабынан кандайдыр бир чекте тескөө керек. Бирок бул деген туризм ишкердүүлүгүнө такай чек киргизүү дегенди билдирбейт, анткени ишкердүүлүктүн башка түрлөрүндөй эле туризм бизнеси рынок шартында, башкача айтканда либералдуу негизде өтөт.

Мамлекеттик жөнгө салуунун жалпы максаты мамлекеттик коопсуздукту, адам укугун жана эркиндигин жана айлана-чөйрөнү коргоону ишке ашыруу. Буга байланыштуу экономикада ишкердик секторду мамлекеттик коргоо жөнүндө гана маселени койбостон, пайданы аз таап, бирок коомго пайда келтирген коммерциялык эмес уюмдардын жана ишканалардын чарбалык ишмердүүлүгү жөнүндө да маселелерди кароо зарыл. Ошого карабастан, мамлекеттик колдоонун приоритеттүү багыты болуп ишкердиктин иштөө активдүүлүгүн стимулдоо кала берет.

Туризм бизнесин уюштурууда таасир берүүчү факторлордун негизгилеринен болуп регионалдык же болбосо территориялык факторду айтсак болот. Мында негизинен туристтик бизнестин негизин түзгөн тиги же бул территорияда жайгашкан жаратылыш ресурстарын рекреациялык жаратылыш булактарын жана алардын кандайдыр бир мейкиндикте жайгашкандыгын айтсак болот. Ошол эле учурда туризмди тейлөөгө багытталган жергиликтүү калктын кандайдыр бир деңгээлдеги квалификациясын жана каада салттарды да айтсак болот. Себеби туристтерди көп учурда жергиликтүү калктын өзгөчөлөнгөн мүнөздөрү,үрп

адаттары, туристтерге сунушталган кол чеберчилик менен жасалган сувенирлер жана башкалар кызыктырат.

Албетте туризм бизнеси көп мүнөздөмөлөр жана көрсөткүчтөр аркылуу аныкталат.Ушул эле учурда туризм бизнесинин экономиканы, социалдык экономиканы өнүгүүсүнө тийгизген таасири, өзгөчө жергиликтүү экономикага тийгизген таасирлерин да, так аныктоо абзел. Буга байланыштуу көп өлкөлөр туризм туралуу жалаң гана мыйзам чыгаруу менен алек болбостон, анын стратегиясын аныктоого көңүл бурушат. Мисалы: Кыргызстанда туризм чөйрөсү беш приоритетттүү тармактардын ичине кирген да, анын өнүгүү стратегиясы түзүлгөн.

Ошентип, Стратегияда мамлекеттин туризм областындагы жалпы саясаты, анын ичинде туриндустриянын субъекттерине карата анык саясаты белгиленген. Бул туризм жөнүндөгү Мыйзамга туристтердин укуктарын коргоого жана уюмдардын ишмердүүлүгүн чектөөгө багытталган өзгөртүүлөрдү киирүүгө түрткү болду. Мунун жыйынтыгында туроператорлордун сыртка чыгуу гана эмес, ички жана кирүү туризми чөйрөсүндө да каржылык жүгү көбөйдү.

Кыргыз Республикасында бул стратегиялык программа туристтик рыноктун катышуучуларын мамлекеттик колдоонун зарылдыгын белгилеген биринчи документ болуп калды.

**Экинчи бапта “ Регионалдык туризм бизнесинин учурдагы өнүгүү абалын жана аны мамлекеттик тескөө жана колдоону талдоо”:** регионалдык туризм бизнесинин учурдагы өнүгүү абалын талдоо; туризм тармагында материалдык-техникалык базасынын абалы; туризм бизнесинин уюштурууда чет өлкөлүк тажрыйбаны колдонуудагы мүмкүнчүлүктөрдү изилдөөгө арналган.

Туристтик ишмердүүлүкө байланышкан көрүнүштүн негизгилерден болуп, бул туристтик бизнестин территориялык, башкача айтканда регионалдык абалы болуп эсептелет. Логика жагынан карасак Кыргызстандагы территориялык бизнестердин суммасы республикалык туристтик ишмердүүлүктүн көлөмүн түзөт. Мындан тышкары инфраструктура объекттери ошол эле Бишкектеги мейманканаларды, жолдорду, туристтик базаларды территориялык белгиде бөлүүгө болбойт, себеби алардын көпчүлүгү ведомостторго карайт. Демек туристтик бизнести талдоодо сөзсүз түрдө тармактын жана территориялык абалын бирдикте кароо керек. Ошондой болсо да туристтик ишмердүүлүктү негизги каражаттар болуп жаратылыш байлыктары, туристтик объекттерин кандайдыр бир территорияда жайгашкандыгы туристтик тармакта кызмат көрсөткөндөрдүн көпчүлүгү жергиликтүү калктан болгондуктан бул бизнестин мүнөздөмөсүн регионалдык кесилиште караганыбыздын жүйөлүү негиздери бар. Анткени ар кандай регион түздөн түз республиканын бир бөлүгү болуп эсептелет. Ошондуктан эгерде өлкө боюнча туристтик бизнести бирдиктүү өлчөмдө карасак, ал эми региондордогу бизнес ал бирдиктердин бир бөлүгү болуп эсептелет. Ар бир бөлүктүн өзүнчө өзгөчөлүктөрү жана ага жараша мүнөздөмөлөрү бар.

Туристтик ишмердүүлүктүн негизги көрсөткүчтөрүнөн болуп, туризм тармагынын ички дүң продукциядагы үлүшүнүн өсүшү эсептелет.Туризм тармагынын ИДПга кошкон салымы 1996-жылы 1,9 %, 1997-жылы 2,0 %, 1998-жылы 2,1 %, 1999-жылы 2,5 %, 2000-жылы 2,9 % болсо 2013-жылы 4,6 %, 2014-жылы 4,8 % пайызды түздү. Ошентсе да туризм тармагы өнүккөн башка өлкөлөргө

салыштырмалуу, республикабызда туризм ресурстарынын молдугуна карабастан, туризм тармагынын ички дүң продукциядагы үлүшүнүн өсүшү төмөн бойдон калууда. 2015-жылы туристтик ишмердик чөйрөсүндөгү кошумча дүң наркы 19 млрд. сомго жакынды же ИДПга карата 4,4 пайызды түздү.(таблица 1)

**2.1-таблица. Туризмдин өнүгүшүнүн негизги индикаторлорунун динамикасы** (Кыргыз республикасы жана Жалал-Абад облусу боюнча)

| Көрсөткүчтөр | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2015ж. 2010ж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.Туристтик ишмердик чөйрөсүндөгү дүң чыгаруу, млн. сом: | 20700,0 | 31465,8 | 33280,5 | 39387,7 | 40106,8 | 42969,7 | 2,1 эсе |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу** | **612,5** | **647,8** | **742,0** | **976,3** | **1217,4** | **1465,1** | **2,4 эсе** |
| 2.Туристтик ишмердик чөйрөсүндөгүкошумча дүң нарк, млн.сом: | 8241,5 | 12877,2 | 14205,5 | 16169,0 | 17318,2 | 18779,3 | 2,3 эсе |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу** | **156,9** | **270,4** | **326,7** | **404,2** | **502,3** | **582,4** | **3,7 эсе** |
| 3.ИДПдагы туристтик ишмердикчөйрөсүнүн үлүшү, % | 3,7 | 4,5 | 4,6 | 4,6 | 4,3 | 4,4 | 118,9 |
| 4.Туризм чөйрөсүндөгү негизги капиталга инвестициялар, млн. сом: | 6951,7 | 10004,2 | 8040,0 | 8771,7 | 10635,3 | 13812,0 | 198,7 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу** | **256,7** | **307,9** | **290,4** | **326,2** | **423,5** | **690,0** | **2,3 эсе** |
| 5.Туристтик кызмат көрсөтүүнүн экспорту, АКШнын млн. долл.: | 147,8 | 347,1 | 410,8 | 513,9 | 408,1 | 410,1 | 2,8 эсе |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу** | **0,6** | **0,7** | **1,6** | **2,8** | **3,9** | **5,2** | **8,6 эсе** |
| 6.Туристтик кызмат көрсөтүүнүнимпорту, АКШнын млн. долл.: | 136,9 | 233,4 | 333,4 | 338,6 | 377,4 | 394,3 | 2,9 эсе |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу** | **0,8** | **1,2** | **1,7** | **1,9** | **2,6** | **3,8** | **4,8 эсе** |
| 7.Туризм чөйрөсүндөгү чекене сооданы жүгүртүү, млн. сом: | 5443,5 | 10645,2 | 12145,0 | 14002,5 | 16663,4 | 18625,9 | 3,4 эсе |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу** | **122,5** | **194,3** | **237,4** | **351,6** | **474,8** | **615,3** | **5 эсе** |

***Маалымат булагы: Кыргызстандагы туризм, Жылдык басылма, Бишкек 2016-ж.***

1-таблицада көрүнүп тургандай 2015-жылы 2010-жылга салыштырмалуу туристтик ишмердик тармагындагы дүң чыгаруу республика боюнча 2,1 эсеге өссө, ал эми Жалал-Абад облусу боюнча 2,4 эсеге өскөн, ошондой эле туристтик ишмердик тармагындагы кошумча дүң нарк 2,2 эсеге, облус боюнча 3,7 эсеге, туризм тармагындагы негизги капиталга инвестициялар 198 пайызга, облус боюнча 2,3 эсеге, туристтик кызмат көрсөтүүнүн экспорту 2,8–облус 8,6 эсеге, туристтик кызмат көрсөтүүнүн импорту 2,9–облус 4,8 эсеге, туризм кызматкерлеринин орточо саны 115–облус 105 пайызга, туризмдеги чекене сооданы жүгүртүү 3,4–облуста 5 эсеге өскөн.

Ошентсе да өлкөнүн региондорунун туристтик ресурстарын жана алардын туристтик мүмкүнчүлүктөрүн, потенциалын толугу менен колдоно албай жатабыз.

2015-жылы республикада 2 – таблицада көрүнүп тургандай 464, анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча 54 эс алуу мекемелери жана туризм уюмдары туристтерди кабыл алып, аларга кызмат көрсөтүшкөн. Анын ичинде республика боюнча 184 мейманкана, Жалал-Абад облусунда 35, ошондой эле 83 эс алуу пансионаты, облуста 1, 27 балдардын ден соолугун чыңдоочу комплекси,облуста 8, 15 саноторий, облуста 1, 8 эс алуу үйү, облуста 1, 12 санаторий-профилакторий, облуста 1, 11 турбаза, облуста 2, 7 эс алууу базасы (облуста жок), 8 спорттук ден соолукту чыңдоочу лагер, облуста 1, жана 5 дарылоочу пансионат (облуста жок), ошондой эле 55 турфирма жана туроператор (облуста жок), 9 жаратылыш паркы, облуста 2, жана башка туристтик объектилер бар.(таблица 2.2.)

**2.2 - таблица. Туризм ишканаларынын, уюмдарынын жана эс алуу мекемелеринин динамикасы**

*(Кыргыз Республикасы жана Жалал – Абад облусу боюнча, жылдын аягына карата), (бирдик)*

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2015-ж. 2010-ж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. Бардыгы: | 430 | 405 | 406 | 416 | 450 | 464 | 107,9 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **51** | **49** | **53** | **46** | **46** | **54** | **105,8** |
| 2. Мейманканалар:<br>- бардыгы: | 156 | 149 | 147 | 146 | 171 | 184 | 117,9 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **25** | **26** | **30** | **26** | **27** | **35** | **140,0** |
| 3. Туристтик базалар:<br>- бардыгы: | 7 | 7 | 6 | 7 | 8 | 11 | 157,1 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **2** | **2** | **2** | **2** | **2** | **2** | **100,0** |
| 4. Санаториялар:<br>- бардыгы: | 15 | 14 | 14 | 13 | 13 | 15 | 100,0 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **1** | **1** | **1** | **1** | **1** | **1** | **100,0** |
| 5.Балдар санаториялары:<br>- бардыгы: | 6 | 6 | 6 | 5 | 5 | 4 | 66,0 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **2** | **3** | **3** | **2** | **2** | **2** | **100,0** |
| 6.Жаратылыш парктары жана коруктар (юридикалык жактар):<br>- бардыгы: | 10 | 10 | 19 | 19 | 19 | 9 | 111,0 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **2** | **2** | **2** | **2** | **2** | **2** | **100,0** |
| 7.Санаториялар-профилакториялар:<br>- бардыгы: | 8 | 9 | 9 | 10 | 10 | 12 | 150,0 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **1** | **1** | **1** | **1** | **1** | **1** | **100,0** |
| 8. Эс алуу үйлөрү:<br>- бардыгы: | 11 | 11 | 12 | 9 | 9 | 8 | 81,8 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **1** | **2** | **3** | **2** | **1** | **1** | **100,0** |
| 9.Эс алуу пансионаттары:<br>- бардыгы: | 72 | 69 | 66 | 66 | 86 | 83 | 115,2 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **1** | **1** | **1** | **1** | **1** | **1** | **100,0** |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 10. Дарылоочу пансионаттар:<br>- бардыгы:<br>**анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | 1<br>- | 1<br>- | 1<br>- | 2<br>- | 3<br>- | 5<br>- | 5 эсеге |
| 11. Эс алуу базалары:<br>- бардыгы:<br>**анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | 6<br>- | 7<br>**1** | 7<br>- | 6<br>- | 4<br>**1** | 7<br>- | 116,6<br>- |
| 12. Ден соолукту чыңдоочу спорттук лагерлер:<br>- бардыгы:<br>**анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | 5<br>**1** | 4<br>**2** | 5<br>**1** | 4<br>**1** | 5<br>**1** | 8<br>**1** | 160,0<br>**100,0** |
| 13. Ден соолукту чыңдоочу балдар комплекстери:<br>- бардыгы:<br>**анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | 29<br>**8** | 32<br>**8** | 29<br>**9** | 2<br>**8** | 29<br>**8** | 27<br>**8** | 93,1<br>**100,0** |
| 14. Турфирмалар жана туроператорлор, саякат жана экскурсия бюросу:<br>- бардыгы:<br>**анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | 93<br>- | 73<br>- | 81<br>- | 89<br>- | 76<br>- | 55<br>- | 59,1 |
| 15. Башка туризм ишканалары:<br>- бардыгы:<br>**анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | 10<br>- | 13<br>- | 14<br>- | 23<br>- | 22<br>- | 24<br>- | 2,4 эсеге |

***Маалымат булагы: Кыргызстандагы туризм, Жылдык басылма, Бишкек 2016-ж.***

Акыркы жылдары республикада мейманканалар 117,9 пайызга, туристтик базалар 157,1, жаратылыш парктары жана коруктар 111, санаториялар-профилакториялар 66,0, эс алуу пансионаттары 115,2 пайызга, дарылоочу пансионаттар 5 эсеге өскөн, ошол эле учурда эс алуу үйлөрүндө, эс алуу базаларында, турфирмалар жана туроператорлор, саякат жана экскурсия бюролорунда кыскаруулар байкалат, ал эми Жалал-Абад облусунда туризм ишканаларынын, уюмдарынын жана эс алуу мекемелеринин өсүшү байкалбайт, ошондой эле эс алууу базасы, дарылоочу пансионаттар, турфирмалар жана туроператорлор жокко эсе. Демек, облустук, райондук жана жергиликтүү бийликтер жогорудагы кемчиликтерди жоюу менен туризм ишканаларынын, уюмдарынын жана эс алуу мекемелеринин ишмердүүлүгүн жандандырып, алардын ишин жөнгө салуусу зарыл.

Туризм ишканаларына, уюмдарына жана мекемелерине келген туристтердин саны республиканын масштабында алып караганда өскөнү менен региондордо акыркы жылдары төмөндөп кеткен. Алсак, Жалал-Абад облусунда 2015-жылы 2010-жылга салыштырмалуу 17,8 пайызга өскөнү менен 2014-жылга салыштырганда 7,5 пайызга жана анын үлүшү 19,5 пайызга төмөндөп кеткен. Айрыкча бул көрүнүш жайгаштыруунун адистештирилген каражаттарында 13,5 %ды, жаратылыш парктарында жана коруктарында 20,3 %ды түзөт. Облустун туризм ишканаларына, уюмдарына жана мекемелерине келген туристтердин санынын төмөндөп жатышы, алардын инфраструктурасынын, тейлөө маданиятынын эл аралык стандартына туура келбей жаткандыгынан, ошондой эле мамлекеттик колдоонун болбогондугунан болуп жатат.(таблица 2.3)

**2.3-таблица. Туризм ишканаларына, уюмдарына жана мекемелерине келген туристтердин динамикасы**

*(Кыргыз Республикасы жана Жалал-Абад облусу боюнча, адам)*

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2015-ж. 2011-ж. карата,% |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. Бардыгы: анын ичинен | 481990 | 631895 | 671641 | 697991 | 706366 | 146,5 |
| **1.1.Жалал-Абад облусу боюнча** | **57215** | **65749** | **64199** | **72889** | **67438** | **117,8** |
| **1.2. Облустун үлүшү (%)** | **11,8** | **10,4** | **9,6** | **10,4** | **9,5** | **80,5** |
| 2.Мейманканалар - бардыгы: | 159636 | 194902 | 205947 | 205010 | 222088 | 139,1 |
| **2.1.анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **21613** | **21431** | **22102** | **26033** | **28466** | **131,7** |
| **1.2. Облустун үлүшү (%)** | **13,6** | **11,0** | **10,7** | **12,7** | **12,8** | **94,1** |
| 3.Жайгаштыруунун адистештирилген каражаттары - бардыгы: | 176382 | 253154 | 265833 | 301472 | 336824 | 190,9 |
| **3.1.анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **20090** | **23155** | **21899** | **23617** | **20447** | **101,7** |
| **3.2. Облустун үлүшү (%)** | **11,4** | **9,1** | **8,2** | **7,8** | **6,1** | **53,5** |
| 4.Жаратылыш парктары жана коруктар бардыгы: | 48408 | 74593 | 84230 | 89386 | 53749 | 111,0 |
| **4.1.анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | **15512** | **21163** | **20198** | **23239** | **18519** | **119,3** |
| **4.2. Облустун үлүшү (%)** | **32,0** | **28,4** | **24,0** | **26,0** | **34,5** | **107,8** |

***Маалымат булагы: Кыргызстандагы туризм, Жылдык басылма, Бишкек 2016-ж.***

Туризм ишканаларына, уюмдарына жана мекемелерине келген туристтердин саны республиканын масштабында алып караганда өскөнү менен региондордо акыркы жылдары төмөндөп кеткен. Алсак, Жалал – Абад облусунда 2015-жылы 2010-жылга салыштырмалуу 17,8 пайызга өскөнү менен 2014-жылга салыштырганда 7,5 пайызга жана анын үлүшү 19,5 пайызга төмөндөп кеткен. Айрыкча бул көрүнүш жайгаштыруунун адистештирилген каражаттарында 13,5 %ды, жаратылыш парктарында жана коруктарында 20,3 %ды түзөт. Облустун туризм ишканаларына, уюмдарына жана мекемелерине келген туристтердин санынын төмөндөп жатышы, алардын инфраструктурасынын, тейлөө маданиятынын эл аралык стандартына туура келбей жаткандыгынан, ошондой эле мамлекеттик колдоонун болбогондугунан болуп жатат.

Туристтик ишмердүүлүктүн негизги көрсөткүчтөрүнөн болуп, туристтердин экспорту жана импорту, башкача айтканда Кыргызстанга жана анын ичинен ар бир регионго тартылышы жана Кыргызстандан турист катары башка өлкөлөргө жөнөп кетиши эсептелет (таблица 2.4).

**2.4-таблица. Туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун жана импортунун динамикасы** *(барып келүүлөр), (АКШнын млн. доллры)*

| Көрсөткүчтөр | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2015-ж. 2010-ж. карата, %, эсе |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1. Экспорт:** бардыгы | **147,8** | **347,1** | **410,8** | **513,9** | **408,1** | **410,1** | **2,8 эсе** |
| 1.1. анын ичинде: | | | | | | | |
| - КМШ өлкөлөрүнө | 111,5 | 295,9 | 360,3 | 449,4 | 351,3 | 353,7 | 3,2 эсе |
| -КМШдан тышкаркы өлкөлөргө; | 36,3 | 51,2 | 50,5 | 64,5 | 56,8 | 56,4 | 155,3 |
| **1.2.Жалал-Абад облусу боюнча, бардыгы:** | **0,6** | **0,7** | **1,6** | **2,8** | **3,9** | **5,2** | **8,6 эсе** |
| **анын ичинде:** | | | | | | | |
| **- КМШ өлкөлөрүнө** | **0,4** | **0,6** | **1,4** | **2,4** | **3,4** | **4,5** | **11,3 эсе** |
| **-КМШдан тышкаркы өлкөлөргө** | **0,2** | **0,1** | **0,2** | **0,4** | **0,5** | **0,7** | **3,5 эсе** |
| **2. Импорт:** бардыгы: | **136,9** | **233,4** | **333,4** | **338,6** | **377,3** | **394,3** | **2,9 эсе** |
| 2.1. анын ичинен: | | | | | | | |
| - КМШ өлкөлөрүнөн | 95,0 | 169,0 | 226,1 | 233,4 | 283,1 | 304,8 | 3,2 эсе |
| -КМШдан тышкаркы өкөлөрдөн; | 41,9 | 64,4 | 107,3 | 105,2 | 94,2 | 89,5 | 2,1 эсе |
| **2.2.Жалал-Абад облусу боюнча, бардыгы:** | **0,8** | **1,2** | **1,7** | **1,9** | **2,6** | **3,8** | **4,8 эсе** |
| **анын ичинде:** | | | | | | | |
| **- КМШ өлкөлөрүнө** | **0,5** | **0,8** | **1,1** | **1,3** | **1,9** | **2,9** | **5,8 эсе** |
| **-КМШдан тышкаркы өлкөлөргө** | **0,3** | **0,4** | **0,6** | **0,6** | **0,7** | **0,9** | **3 эсе** |

***Маалымат булагы: Кыргызстандагы туризм, Жылдык басылма, Бишкек 2016-ж.***

2015-жылы туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту (чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуудан түшкөн каражат) 410,1 млн. АКШ долларын түздү жана 2010-жылга салыштырмалуу 2,8 эсеге өстү, анын ичинде КМШ өлкөлөрү, тиешелүүлүгүнө жараша 353,7 млн. АКШ долларын түзүп 3,2 эсеге өссө, КМШдан тышкаркы өлкөлөр - 56,4 млн АКШ долларын түзүп 155,3 пайызга өстү. Ошондой эле 2015-жылы чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуудан түшкөн кирешелердин үлүшүнө жалпы кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортундагы 45 пайыздан көбү туура келди.

Туристтик бизнестин дагы бир көрүнүшү катары, анан инвестицияга болгон муктаждыгы. Инвестициянын негизги миссиясы катары өнүктүрүүгө арналган каражатын камсыз кылуу. Бирок инвестиция тартуунун калыптанган эрежелери жана программалары бар. Туристтик багыт инвестиция программаларынын орто чендеринде турат. Себеби бул тармакта тобокелчилик жогорку деңгээлде. Ошондой болсо да дүйнөлүк практикада туризм динамикалык жактан өнүп жаткан тармактарга кирет.Ошону менен бирдикте даректүү жана кандайдыр бир территорияга атайын бөлүп берилген, туризмге багытталган түз инвестициялардын көпчүлүк бөлүгү мамлекет тарабынан жүргүзүлөт.

Ушуну менен бирдикте конкреттүү инвестиция тартуу башка бир топ шарттарга жараша болот. Алардын ичинен инвестициялык жагымдуулук, инвестициялык климат, инвестицияны пайдалана турган адистердин бардыгы, жергиликтүү бийликтегилердин көз карашы ж.б. болуп эсептелет. Төмөндөгү таблицада Жалал-

Абад облусуна туристтик багыттагы жумшалган инвестицияларды карайбыз.(таблица 2.5)

**2.5–таблица. Туризм тармагындагы негизги капиталга болгон инвестициялардын динамикасы** *(Кыргыз Республикасы жана Жалал-Абад облусу боюнча, иш жүзүндөгү нарк менен, млн. сом)*

| | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2015-ж. 2010-ж. карата, %, эсе** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. Негизги фонддорду ишке киргизүү, бардыгы: | 3426,7 | 2273,1 | 3628,3 | 2370,0 | 22054,9 | 1643,1 | 47,9 |
| **анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча** | - | - | - | - | - | - | - |
| 2. Негизги капиталга инвестициялар | 6951,7 | 10004,2 | 8040,0 | 8771,7 | 10635,3 | 13812,0 | 198,6 |
| 2.1. анын ичинде: | | | | | | | |
| -подряддык иштердин көлөмү; | 5941,2 | 9328,1 | 7489,2 | 7916,9 | 7472,0 | 13344,2 | 2,2 эсе |
| -жабдуулар, инструменттер жана инвентарлар | 285,8 | 416,1 | 210,6 | 452,2 | 2830,6 | 156,1 | 54,6 |
| **2.2. анын ичинен Жалал-Абад облусу боюнча:** | **3,7** | **4,5** | **4,6** | **4,6** | **4,3** | **4,4** | **118,9** |
| **- подряддык иштердин көлөмү;** | **3,5** | **4,1** | **4,2** | **4,1** | **3,0** | **4,2** | **120,0** |
| **-жабдуулар, инструменттер жана инвентарлар** | **0,2** | **0,4** | **0,4** | **0,5** | **1,3** | **0,2** | **100,0** |

***Маалымат булагы: Кыргызстандагы туризм, Жылдык басылма, Бишкек 2016-ж.***

2015-жылы туризм объектилеринин курулушуна бөлүнгөн инвестициянын 13812,0 млн. сому өздөштүрүлгөн. Бирок, тилекке каршы облуста туризм тармагына тартылган инвестициялардын көлөмү учурдун талабына жооп бербейт. 2010–2015-жылдардагы тартылган инвестициялардын көлөмүндөгү өсүштөр республикага салышырмалуу алда канча төмөн экендигин көрүп турабыз. Ошондуктан, жергиликтүү бийлик жана туризм ишкерлери тарабынан түз инвестицияларды тартуу иш чаралары жүргүзүлүүсү зарыл.

Биздин изилдөөгө таянсак туристтик бизнести жүргүзүүдө материалдык-техникалык базанын ролу чоң. Материалдык-техникалык база укуктук жактан кандайдыр бир ишканага же структурага тиешелүү болот да, ар кандай менчиктин формасында болушу мүмкүн. Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан баштап, туристтик тармакта да, менчиктин көп формасы пайда болуп, ар кандай чарбалык ыкмалар да пайда болду.

Стационардуу туристтик материалдык-техникалык базага кошумча нерсе катары жеке ишкерлердин демилгеси боюнча туристтерге ар кандай кызмат көрсөтүү үчүн түзүлгөн атайын жайларды айтсак болот. Мисалы быйылкы жылы облустун аймагында Токтогул, Чаткал, Аксы, Тогуз-Торо, Сузак, Базар-Коргон райондорунда жайлоолордо, жол бойлорунда улуттук боз үйлөрдү тигип, кымыз

менен дарылоочу жеке ишкерлерге бардык шарттар түзүлүп берилген жана эс алуучулар кабыл алынууда. Дагы бир туристтик базалардын иштөөсүнө түздөн-түз таасирин тийгизген бул инфраструктура объектилери. Буларга транспорттон башка негизинен жолдор кирет. Биздин изилдегенге караганда Жалал-Абад облусунун көпчүлүк туристтик базаларынын акыбалы канааттандырарлык экени белгилүү болду. Ошол эле учурда 2016 жылдын жай айларындагы көп жааганына байланыштуу, ар түрдүү жаратылыштын кубулушуна дуушар болгон жер тилкелери, жолдордун айрым участокторун сел каптап, туристтик базаларга өтүүгө мүмкүнчүлүк болбой калган жерлер арбын. Аларды ремонт кылуу үчүн жана калыбына келтирүү үчүн, бир топ каражаттар жана убакыт талап кылгандыгы белгилүү. Бул жагынан Жалал-Абад облусунун туристтик базалары бир топ коопсуздукту жаратат.

Туристтик бизнестин дагы бир материалдык-техникалык базасына тиешелүү жагы – бул тамак-аш маселеси.Тамак-аш кызматын уюштуруу Кыргызстанда тамак-аш тармагын түзгөн чакан ишканалар жергиликтүү калк, чет элдик туристтерге тамак - аш кызматын сунуштоо менен туризм өнөр жай комплексинин бирден - бир маанилүү бутагы болуп эсептелет. Ал эми Жалал-Абад облусунун аймагында тамак-аш объектилердин 2015 жылдын 1-январына карата 553 жайгашкан. Учурда облуста жана бүт эле республикадай бир катар маселелер чечилбеген бойдон калып келүүдө жана натыйжада туризм тармагынын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизүүдө. Алардын эң негизгилери менюну башкаруу, санитардык - гигиеналык шарттар жана тейлөө деңгээлине байланыштуу болуп, бардыгынын түп тамыры бир маселелеге барып такалгансыйт. Тактап айканда, аталган тармактын субъекттилери башкаруунун бүгүнкү күндөгү шарттарына ылайык эффективдүү инструменттерин максатуу колдонууга жетише албай жаткандай сезилет.

Туристтик бизнести талдоо ар түрдүү максаттарга жетүү үчүн жүргүзүлөт.Алардын эң негизгилери болуп, туристтик бизнестин көлөмүн өстүрүү жана алардын жолдорун аныктоо,туризмдин натыйжалуулугун жогорулатуу жана ага кеткен каражаттарды азайтуу.Ушуга байланыштуу ар бир кабыл алынган чаралар конкреттүү, максаттуу жана оптималдуу деңгээлдеги каражаттарды сарптоо болуп саналат.

Ушул багытта чет өлкөлүк тажрыйбаларды колдонуу көп учурда оң таасирин берет. Буга себеп болуп, ал жакта Кыргызстанга караганда туризм багытында иштегендер эбак эле белгилүү болчу.

Туризмдин алгылыктуу жактарын туура баалашкан жана турбизнести жөнгө салууга жана ага колдоо көрсөтүүгө, инфраструктураны өнүктүрүүгө, улуттук туристтик продукцияны алдыга жылдырууга олуттуу көңүл бөлүшкөн мамлекеттер башкаларга салыштырмалуу чоң киреше алышат.

Жумушта ар бир чет өлкөнүн туризм чөйрөсүндөгү позитивдеги мисалдар келтирилет. Ушул эле учурда ал тажрыйбалардын Кыргызстандын шартында колдонуусунун мүмкүнчүлүктөрү изделет. Мисалы: Кыргызстандын шартына жакындашкан Швейцария өлкөсүнүн тажрыйбаларын алсак болот. Швейцарияда кирүү туризми маселеси менен эң ири рекламалык агенттик болгон Туризм боюнча борбордук ведомство алектенет. Анын негизги максаты болуп өлкөгө чет өлкөлүк туристтерди тартуу жана мамлекеттин ичинде туристтик суроо-талаптарды

күчөтүү саналат.Ушул эле мезгилде Кыргызстандын кээ бир тажрыйбасын дагы башка өлкөлөргө таркатуу маселеси дагы кубаттоого татыктуу. Мисалы: Кыргызстан эки жылдан бери Бүткүл Дүйнөлүк көчмөндөр оюунун уюштуруп келет. Буга 30 ашык өлкөлөр катышууга кызыкдар экени да белгилүү. Мындай иш чараны жүргүзүү жалаң эле оюндарды уюштуруу эмес, инфраструктураларды оңдоо,оюндар базасын куруу жана туристтерди тартуу болуп эсептелет.

Туризмдеги ийгиликтүү мамлекеттер өлкөнүн туристтик мүмкүнчүлүктөрүн жайылтууга жана алдыга жылдырууга чоң маани беришет. Туризмдин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттыруу үчүн олуттуу каржылык салымдар зарыл. Ошону менен бирге, эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, өлкөнү алдыга жылдыруу максатында салынган каражаттардын натыйжасы дароо эле пайда болбойт, ал рынокто бир нече жыл өзүн активдүү көрсөткөндөн кийин гана байкалат. Стимулдаштыруучу иш чараларсыз чет өлкөлүк жана өлкөнүн өзүндөгү туристтерди келүүсү, демек өлкөнүн экономикасына да киреше болуусу мүмкүн эмес.

**Үчүнчү бапта "Регионалдык туризм бизнесин өнүктүрүүнү жана аны мамлекеттик тескөөнү жана колдоону өркүндөтүү":** регионалдык туризм бизнесин өнүктүрүүнүн негизги багыттары жана келечеги; туризм чөйрөсүндө иш жүргүзүшкөн уюмдарды Маалыматтык-аналитикалык борборун уюштуруу, туристтик бизнести өркүндөтүүнүн фактору катары кароо; туризм чөйрөсүндө мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү-туристтик бизнестеги натыйжалуулуктун негизги жолдорунун бири катары каралды.

Туризм ишмердүүлүгү ар кандай инновацияларды талап кылган тармак катары, бул чөйрөдөгү жаңылыктарды билүүгө жана аларды иш жүзүнө ашырууга аракетти күчөтүү зарылчылыгы турат. Туристтердин дагы бир өзгөчөлүгү – алар конкреттүү адамдардан турат. Алардын ар биринин өздөрүнүн көз карашы баа берүүчү касиеттери бар. Мисалы: бир туристтке жаккан нерсе экинчи туристти канаттандырбашы мүмкүн, ошондуктан тейлөөдө эл аралык практика көрсөткөндөй ар түрдүү стандарттарды камсыз кылууга аракет кылуу керек.

Туристтик бизнести өнүктүрүүдөгү дагы бир ишенимдүү булак – бул ички туристтик ишмердүүлүктү өрчүтүү. Биз бул жагынан өзгөчө Жалал-Абад облусу бир топ артта калдык десек болот. Себеби калктын көпчүлүк катмарында Кыргызстандын географиясын таануу, каада-салтты өздөштүрүү ар түрдүү региондордун арасында тажрыйба алмашуу жана башка ошол сыяктуу сезимдер кала берсе мектеп окуучуларынын программаларында жок. Албетте информация өнүккөн мезгилде интернет булактарынан, массалык маалымат булактарынан кызыккандар үчүн тийиштүү маалымат алууга мүмкүнчүлүгү бар.

Туристтик ишмердүүлүктү өрчүтүүнүнүн дагы бир ишенимдүү булагы болуп бул реалдуу туристтик долбоорлорду иштеп чыгып, аларды турмушка иш жүзүндө ашыруу. Жалал-Абад облусу боюнча бир топ бул багытта долбоорлорду түзсө болот.

Келечекте Кыргызстанда, анын ичинде региондордо туризм тармагын эффективдүү өнүктүрүү үчүн, туристтик объектилерди, мейманканаларды куруу жана реконструкциялоо, транспорттук коммуникацияны, байланыш каражаттарын өнүктүрүү, автоунаа коюучу жайларды, коомдук тамактануучу жайларды, басма продукцияларды сатуучу жайларды жана гидэкскурсоводтордук кызматтарды

өркүндөтүү керек. Булардын бардыгы чоң өлчөмдөгү мамлекеттик бюджеттен, жеке капиталдан инвестицияны талап кылат. Бирок бул чыгымдар келечекте Республикага чоң кирешелерди алып келет.

Автордун бир сунушу катары туризмди өнүктүрүү багытында, маалымат-аналитикалык борбор уюштуруу маселеси болуп саналат.

Мындай борборду Кыргызстандын туристтик индустрия бирикмесинин алдында түзүү максатка көбүрөөк ылайык болоор эле. Борборду каржылоо республикалык туристтик индустрия бирикмесине киришкен уюмдардын мүчөлүк взносторунун, кичи жана орто ишкердиктин субъекттерин колдоо, КР де туризмди өнүктүрүү программаларынын, турбизнестин өкүлдөрүнө акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен болуп турат (1-сүрөт).

**3.1-сүрөт. Туризм чөйрөсүндөгү уюмдардын ишмердүүлүгүн колдоочу маалыматтык-аналитикалык Борбордун структурасы.**




**Автор тарабынан иштелип чыккан*

Жогоруда келтирилген Борборду, ар бир облуста филиалдары болуш керек. Мындан сырткары Борбордун иш жүргүзүүсү, кандайдыр бир дэңгэлде, клиенттердин же болбосо туризм бирикмесинин мүчөлөрүнүн кызыкчылыгын чагылдырган келишим аркылуу түзүлүшү керек деп ойлойбуз.

Мындай келишимде эки жактын бири-бирине болгон талаптары чагылдырышы жана ошондой эле процедуралык милдеттер көрсөтүлүшү керек да, келишимдин иштөө мөөнөтү Мисалы: 5-жыл көрсөтүлүшү керек. Мындан тышкары мезгил-

мезгили менен ар бир жылда Борбор, туристтик кызматтын керектөөчүлөрүн алдында отчету угулуп туруусу зарыл.

Туризм бизнесин өнүктүрүүдөгү дагы бир ишенимдүү жол – бул мамлекет менен жеке ишкерлердин ортосундагы өнөктөштүктү күчөтүү. Ушуга байланыштуу биз туризм чөйрөсүндөгү уюмдардын ишмердүүлүгүн мамлекеттик колдоонун эң бир натыйжалуу ыкмаларынын бири болуп маркетингдик иш-чараларды биргелешип аткарууга негизделген, мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн алкагында жүргүзүлүүчү биргелешкен ишмердүүлүктү аныктоочу уюштуруу моделин эсептейбиз. Мамлекет үчүн бул учурдагы артыкчылык болуп маркетингке (сурамжылоолорду жүргүзүү, Интернет-маркетинг, жарнамалык продукция, жарнамалык-көргөзмөлүк ишмердүүлүк) кетүүчү бюджеттик чыгымдардын азайышы, туризм областындагы мыкты адистердин тажрыйбасын пайдалануу мүмкүнчүлүгү саналат. Турбизнес үчүн бул мүмкүнчүлүк кирешени көтөрөт.

Албетте ар кандай экономикалык изилдөөлөр, анын ичинде туристтик бизнестин багытында тактык эсептөөлөрдү,натыйжалуулукту табуунун ишеничтүү жана туура жолдорун издөө талап кылынат. Мисалы: маркетингдик иш. Маркетингдик иш-чараларды ишке ашырууга республикалык бюджеттин жана жеке бизнестин каражаттары тартылат. Каржылоонун жалпы көлөмү 3.1.-таблицада келтирилген.

Долбоорду ишке ашыруунун биринчи жылында 10 млн. сом. өлчөмүндө бюджеттик каражаттар жана 12 млн.сом өлчөмүндө бизнестин каражаттары тартылуусу пландаштырылууда. Кийинки жылдарда тартылуучу каражаттардын өлчөмү азайып барат. (3.1.-таблица)

**3.1-таблица. Долбоорду каржылоо.**

| **Булактар** | **Жылдар** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** | **2021** | **2022** |
| Бюджеттен сырткары каражаттар (млн.сом) | 12,0 | 10,0 | 9,0 | 8,0 | 7,0 | 5,0 |
| Бюджеттик каражаттар (млн.сом.) | 3,0 | 4,0 | 9,0 | 7,0 | 6,0 | 5,0 |

**Автор тарабынан иштелип чыкты*

Долбоорду ишке ашырган учурда социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр жакшы жагына өзгөрөт: туристтик агымдын көлөмү, туризмде алектенген адамдардын саны, туризмден түшкөн кирешелер жана бардык деңгээлдеги бюджеттерге түшкөн салыктар көбөйөт (3.2.-таблица).

**3.2–таблица. Сунушталган долбоор ишке ашкан учурдагы Кыргыз Республикасында туризмдин өнүгүүсүнүн социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү.**

| Көрсөткүчтөр | Жылдар | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
| Жайгаштыруунун коллективдүү каражаттарындагы жайгашкандардын саны (миң адам) | 723,8 | 933,6 | 1096,1 | 1323,9 | 1641,1 | 2128,3 |
| Туризмде алектенгендердин саны (адам) | 7600 | 8000 | 8430 | 8530 | 8700 | 9100 |
| КРдеги туризм чөйрөсүндө ишмердүүлүгүн жүргүзүшкөн уюмдардын кирешеси (млн.сом) | 7820 | 8500 | 9000 | 9500 | 10000 | 10500 |
| Бардык деңгээлдеги бюджеттерге түшкөн салыктык киреше (млн.сом) | 1564 | 1700 | 1800 | 1900 | 2000 | 2100 |
| Жайгаштыруунун коллективдүү каражаттарынын саны (даана) | 420 | 425 | 430 | 440 | 450 | 455 |

**Автор тарабынан иштелип чыкты*

Ошентип, мамлекеттик-жекече өнөктөштүктүн аталган формасында мамлекеттин жана жеке бизнестин кызыкчылыктарынын теңелүүсүнө жетишүүгө болот.

## Корутунду жана сунуштар

Диссертациялык изилдөөнүн негизинде төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик:

1. Туристтик бизнестин мааниси жана мазмунун теориялык жактан талдоонун негизинде туристтик кызмат зат формасында эмес, товардык касиетке ээ, башкача айтканда керектөөчү наркы жана наркы бар өндүрүлгөн кызмат. Анын баасы ички жана тышкы рынок шартында суроо-талаптын жана сунуштардын негизинде аныкталат. Ал эми туристтик бизнести жүргүзүү , ишкердүүлүк менен тыгыз байланышкан да, анын максаты катары туризмге болгон муктаждыкты табуу жана аны пайда көрүү үчүн тийиштүү деңгээлде канааттандыруу. Автордун оюу боюнча туризмдеги ишкердүүлүк бир эле убакта экономикалык жана социалдык өнүгүүгө таасирин тийгизет.

2. Туризм бизнесинин өнүгүшү мамлекеттик тескөөгө жана колдоого көз каранды. Бирок анын деңгээли экономикалык өсүүнүн деңгээлине, жашаган калктардын турмуш-тиричилик абалына, өлкөнүн жайгашкан жерине жана башкалар менен өлчөнөт. Кыргызстанда туризм тармагы жаш, рынок шартында эми эле өнүгүп келе жаткан экономиканын бир тармагы катары эсептелет. Ошондуктан, учурда жана жакынкы бир топ мезгилде мамлекеттик колдоого жана тескөөгө муктаж экендиги аныкталды. Ошого байланыштуу мамлекеттик колдоонун жана тескөөнүн негиздери аныкталып, алардын кандайдыр бир иретте болушу такталды.

3. Изилдөө көрсөткөндөй туристтик ишкердүүлүк, тактап айтканда биздин өлкөдө ачык мүнөздүү регионалдык касиетке ээ. Мунун себеби туристтик бизнес негиздеринин бири болуп, жаратылыштын баалулуктары (анын коздугу, адамдардын ден соолугун чындоого пайдаланган ресурстар ж.б) болуп эсептелет.

Изилдөөдө регионалдык өзгөчөлүктөр аныкталып, алардын негизинде туризм чөйрөсүндө, атандааштык артыкчылыкты түзүү менен территориялык экономикага тийгизген таасирлери иреттелди.

4. Диссертациялык иште жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгынын негизинде ички жана тыштан келген туризм тармагында иш алып барган ишканаларга тоскоол болуучу бир канча факторлор аныкталды, алар:

- иштеп жаткан салык салуу системасы жана ар кандай жыйноолор;
- көзөмөлдөөчү инстанциялардын иштөө ыкмалары;
- ижаралык төлөмдөрдүн жогорку деңгээли;
- чет өлкөлүк туристтер менен иш алып барган кадрлардын компетенциясынын деңгээлинин төмөндүгү;
- туристтик рыноктун катышуучулары үчүн маалыматтарды таркатуунун деңгээлинин төмөндүгү;
- региондордогу тейлөө маданиятынын төмөндүгү жана инфраструктуралардын толук жоктугу;
- сезон аралыгынын мезгилинде туристтик кызматтарга болгон суроо-талаптардын деңгээлинин төмөндүгү жана башкалар.

5. Жалал-Абад облусунун мисалында автордун регионалдык туристтик бизнести өнүктүрүүнүн жолдору сунушталган. Алардын негизги багыттары болуп, региондун туристтик потенциалын туура пайдалануу жана жогорулатуу, туристтерди тейлөөчү адистердин профессионалдык денгээлин өстүрүү, туризмдин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, туристтик чөйрөдөгү рынок мамилелерин кеңейтүү жана өркүндөтүү жана башка чаралар сунушталган.

6. Туризм бизнесинин өзгөчөлүктөрүнүн эң өзөгү болуп ички жана тышкы туристтерди тейлөө, туристтерди жер-жерлерге өз убагында тартуу. Бул шартта республикада жана региондордо бирдиктүү системада иштеген Маалымат-аналитикалык борбордун түзүлүшү сунушталды. Автордун ою боюнча мындай борбордун милдетине туристтик структуралардын тийиштүү маалымат менен камсыз кылуу, маркетинг жумуштарын жасоо, туризмдеги прогрессивдүү жолдору жана башкалар кирет.

Борбордун түзүлүшү жана анын иш алып баруудагы каражаттар керектөөчүлөрдүн макулдугу аркылуу болот. Бир вариант катары туристтик бирикмелердин төлөмдөрүнөн түшкөн каражаттардын бир бөлүгүн жумшоо сунушталат.

7. Туристтик бизнес көп катмарлуу көп түрдүү жана динамикалык түрдө өзгөрүлүп тургандыктан, рынокту изилдөө муктаждыгы, ар дайым болуп турат. Ошону менен бирдикте туристтик бизнести өркүндөтүү эки мейкиндикте жанаша барыш керек. Алардын бирөө ишкердикти өркүндөтүү, экинчиси мамлекеттик колдоо жана теское. Бирок мындай чаралардын иш жүзүнө ашуусу ар түрдүү ыкмаларды талап кылат.

Автордун ою боюнча учурдагы прогрессивдүү ыкмалардын бири, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жумушта, ушул багытта өнөктөштүктүн иштөө механизми көрсөтүлгөн жана сунушталат.

8. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары укуктук-ченем актыларын жана туристтик рыноктун субъектилерин колдоо программасын кабыл алууда, туризм

бизнесин өнүктүрүү, мамлекеттик тескөө жана колдоо маселелерин илимий изилдөөдө, окуу процесстеринде колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыкка чыккан эмгектеринин тизмеси**:


1. Толонов Э. Н. Туризм инфраструктурасы жана анын обьектилери [Текст] / Э. Н. Толонов // Наука и новые технологии. -2014. - №5. -107-109- бб.
2. Толонов Э. Н. Туризм ресурстарынын калыптанышы жана өнүгүүсү [Текст] / Э. Н.Толонов // Наука и новые технологии. -2014. - №5. - 118-120 -бб.
3. Толонов Э. Н. Туризм бизнесин өнүктүрүүнү мамлекеттик колдоо [Текст] / Э. Н. Толонов, С. А. Омурзаков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2015. - №6. - 70-71-бб.
4. Толонов Э. Н. Регионалдык туризм бизнесинин учурдагы өнүгүү абалы [Текст] / Э. Н. Толонов // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2015. №6. -76-78-бб.
5. Толонов Э. Н. Туризмдин азыркы абалы жана аны өнүктүрүү [Текст] / Э. Н. Толонов // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2015. №2.-165-166-бб.
6. Толонов Э. Н. Кыргызстанда туризм тармагын өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрү жана келечеги [Текст] / Э. Н. Толонов, С. А. Омурзаков // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии.-2015-№2(9).- С.363-366.
7. Толонов Э. Н. Перспективы развития туризма в Кыргызстане [Текст] / Э. Н. Толонов, С. А. Омурзаков // Современные проблемы экономки и менеджмента: материалы международной научно-практической конференции.- Воронеж, 30 октября 2015.- С.160-166.
8. Толонов Э. Н. Туристический потенциал и перспективы развития туризма в Кыргызстане [Текст] / Э. Н. Толонов // Современные проблемы экономки и менеджмента: материалы международной научно-практической конференции.- Воронеж, 30 октября 2015.- С.247-252.
9. Толонов, Э. Н. Развитие туристического потенциала Кыргызской Республики [Текст] / Э. Н. Толонов, С. А. Омурзаков // MATERIALS of the III International scientific-practical conference «INNOVATION MANAGEMENT AND TEGHNOLOGY IN THE ERA OF GLOBALIZATION» 12-14 January 2016, (Sharjah, United Arab Emirates) - C.515-521.
10. Толонов Э. Н. Развития международного туризма в Кыргызстане [Текст] / Э. Н. Толонов, С. А. Омурзаков // Научный журнал Альманах мировой науки: материалы международной научно-практической конференции “Актуальные проблемы развития современной науки и образования”.-Москва, 30- апреля 2016, №4-3(7) - С.103-105.
11. Толонов Э. Н. Стратегия развития туризма в регионах Кыргызской Республики [Текст] /Э. Н. Толонов// Научный журнал Альманах мировой науки: материалы международной научно-практической конференции “Актуальные проблемы развития современной науки и образования”.-Москва, 30- апреля 2016, №4-3(7) - С.113-116.
12. Толонов Э. Н. Международный туризм и его роль в развитии экономики Кыргызстана [Текст] / Э. Н. Толонов, С. А. Омурзаков // MATERIALS of the

international scientific-practical conference «PROSPECTS FOR THE DEVELORMENT OF MODERN SCIENCE» May 4-6, 2016 Jerusalem, Israel - C.82-85.

13. Толонов Э. Н. Развитие туризма как основная отрасль экономики Кыргызстана [Текст] / Э. Н. Толонов // MATERIALS of the international scientific-practical conference "THE EUROPE AND THE TURKIC WORLD: SCIENCE, ENGINEERING AND TECHNOLOGY" June 15-17, 2016, Side, Turkey - C.39-42.
14. Толонов Э. Н. Туризм тармагында маалыматтык-аналитикалык борборду уюштуруу [Текст] / Э. Н. Толонов, С. А. Омурзаков // Вестник КЭУ им. М. Р. Рыскулбекова. -2016. №3 (37) -276-279-бб.
15. Толонов Э. Н. Туризм чөйрөсүндө мамлекеттик жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү [Текст] / Э. Н. Толонов // Вестник КЭУ им. М. Р. Рыскулбекова. -2016.№3(37) -288-291-бб.
16. Толонов Э. Н. Перспективы и возможности развития международного туризма в Кыргызской Республике [Текст] / Э. Н. Толонов // Международный научный журнал “Молодой ученый”. - Москва. 2016.- №18.- C.287-289.
17. Толонов Э. Н. Туристический потенциал и проблемы развития туризма в Кыргызской Республике [Текст] / Э. Н. Толонов // Международный научный журнал “Молодой ученый”. -Москва. 2016.- №18.- C.290-292.
18. Толонов Э. Н. Кыргызстанда туризм тармагынын азыркы абалы жана анын көйгөйлөрү [Текст] / Э. Н. Толонов, С. А. Омурзаков // ОшМУнун Жарчысы.-2016.№3 – 252-255-бб.
19. Толонов Э. Н. Роль международного туризма в развитии экономики Кыргызкой Республики.[Текст] / Э. Н. Толонов, С. Ж. Артыкбаева // Международный научно-исследовательский журнал «Успехи современной науки и образования».- Белгород. 2016. -№11. том 3. - C.160-165.

**Толонов Эмил Нажимидиновичтин**
**"Туризм бизнесин өркүндөтүү, аны мамлекеттик колдоо жана тескөө" аттуу темада 08.00.05 – "Экономика жана эл чарбасын башкаруу" адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** туризм, турист, туризм бизнеси, ишкердик, регионалдык туризм, мамлекеттик тескөө жана колдоо, маалыматтык-аналитикалык борбор, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк, натыйжалуулук.

**Изилдөөнүн максаты:** региондогу туризм тармагынын өнүгүү абалын талдоо жана туризм бизнесин өнүктүрүүнүн, аны мамлекеттик тескөөнүн, колдоонун методдорун өркүндөтүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн объектиси:** Жалал-Абад облусунун мисалында туризм чөйрөсүндөгү ишмердүлүүктүн өнүгүүсү, аларды мамлекеттик колдоо жана тескөө.

**Изилдөөнүн предмети:** туристтик бизнестин өнүгүшүн тескөөнүн жана колдоонун регионалдык аспектери жана экономикага тийгизген таасири, көйгөйлөрү.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизин** Ата-Мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын туризм бизнесин өнүктүрүү, аны мамлекеттик колдоо жана тескөө боюнча фундаменталдык эмгектери, системалык, структуралык, логикалык анализдин ыкмалары, статистикалык, экономика-математикалык, графикалык ыкмалар түзөт.

**Илимий жаңылыгы:** туристтик бизнестин илимий эмгектердин негизинде, туристтик бизнестин маанисин жана мазмунун талдоо менен бирдикте, автор туризм кызматынын өзгөчөлүктөрүнө, башка айтканда туристтик ишмердүүлүктүн бир эле убакта экономикадагы социалдык өнүгүүгө таандык жактарын белгиледи. Туризм Кыргызстандын экономикасында жаңы өнүгүп келе жаткан тармак катары мамлекеттик тескөөгө жана колдоого муктаждыгын белгилөө менен бирдикте,алардын негиздерин систематизациялады. Туристтик бизнестин регионалдык аспектерин белгилөөнүн негизинде территориянын экономикасына тийгизүүчү таасирлери аныкталды. Регионалдык туристтик бизнестин учурдагы абалын талдоо аркылуу бизнести өнүктүрүүнүн резервдери аныкталып, Жалал-Абад облусунун мисалында туризм чөйрөсүндөгү ишмердүлүүктүн өнүгүүсүнүн негизги багыттары сунушталды. Автордун оюу боюнча туризм чөйрөсүндө атайын маалымат-аналитикалык борбор түзүү менен туристтик бизнестин өнүктүрүүнүн жолдору белгиленди. Туризм динамикалык түрдө өсүп жаткан тармак катары мамлекеттик колдоо жана тескөө жолдору аныкталды жана аларга көмөктөш болгон мамлекеттик-жеке өнөктөштүк сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Диссертациялык иштин негизги жоболору, сунуштары жана корутундулары мамлекеттик бийлик тарабынан нормативтик-укуктук актыларды жана региондо бизнес ишин алып баруунун жана аны башкаруунун учурдагы шартында колдонууга багытталган туризм тармагындагы ишканалардын ишмердүүлүгүн колдоо программаларын иштеп чыгууда колдонуу.

**Колдонуу чөйрөсү:** Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары укуктук-ченем актыларын жана туристтик рыноктун субъектилерин колдоо программасын кабыл алууда, туризм бизнесин өнүктүрүү, мамлекеттик тескөө жана колдоо маселелерин илимий изилдөөдө, окуу процесстеринде колдонулушу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Толонова Эмила Нажимидиновича на тему: Развитие туристического бизнеса, его государственная поддержка и регулирование” (на примере Жалал-Абадской области) на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** туризм, турист, туристический бизнес, предпринимательство, региональный туризм, государственная поддержка и регулирование, информационно-аналитический центр, государственно-частное партнерство, эффективность.

**Цель исследования:** анализ развития туристской отрасли региона и совершенствование методов его государственной поддерджки и регулирования.

**Объектом исследования** выступает развитие предпринимательства в туристической сфере, их государственная поддержка и регулирование.

**Предмет исследования:** региональные аспекты регулирования и поддержки развития туристического бизнеса и его влияние на экономику, и их проблемы.

**Теоретическую и методологическую основу исследования** составляют фундаментальные труды отечественных и зарубежных ученых по развитию туристического бизнеса, его государственной поддержке и регулированию, способы систематического, структурного и логического анализов, экономико-математические, графические методы.

**Научная новизна:** на основе научных трудов по туристическому бизнесу совместно с анализом его значения и содержания, выявлены особенности туристских услуг, те стороны туристической деятельности, которые одновременно принадлежат и социальному развитию в экономике, были систематизированы их основы. На основе выделения региональных аспектов туристического бизнеса определены его влияние на экономику территории. Путем анализа современного состояния регионального туристского бизнеса на примере Жалал-Абадской области, были определены резервы развития бизнеса, предложены основные направления развития предпринимательства в сфере туризма. Путем создания специального информационно-аналитического центра в сфере туризма, отмечены пути развития туристического бизнеса. Определены пути государственной поддержки и регулирования туризма как динамически развивающейся отрасли и предложено содействующее ему государственно-частное партнерство.

**Практическая значимость исследования.** Основные положения, рекомендации и выводы диссертационной работы можно применять в разработке нормативно-правовых актов и программ поддержки деятельности предприятий туристской отрасли в современных условиях, которые можно применениь при ведении и управлении бизнес-деятельности в регионе.

**Сфера применения:** Результаты диссертационного исследования могут быть применены в разработке и принятии нормативно-правовых актов и программ поддержки субъектов туристического рынка, в научных исследования по развитию, государственному регулированию и поддержке туристического бизнеса, в учебных процессах.

**SUMMARY**

**of the thesis's of Tolonov Emil Nazhimidinovich to subjects: Development of the Tourist Business, its State support and regulation" (on example of Jalal-Abad area) on competition of degree of Candidate of the Economic Sciences by specialty 08.00.05 - Economy and Management of Public facilities**

**Keywords:** tourism, tourist, tourist business, enterprise, regional tourism, state support and regulation, information-analytical center, state-quotient partnership, efficiency

**Purpose study:** analysis of the development to tourist branch of the region and improvement of the methods and his state support and regulations.

**The Object of the study:** emerges the development enterprise in tourist sphere, their state support and regulation.

**The Subject of the study:** regional aspects of the regulation and supports of the development of the tourist business and his (its) influence upon economy, problems.

**Theoretical and methodological basics of the study form**: the fundamental works domestic and foreign scientist on development of the tourist business, his (its) state support and regulation, ways systematic, structured and logical analysis, economic and mathematical, graphic methods.

**Scientific novelty:** author on base of the scientific works on tourist business with analysis of its importance and contents, has noted the particularities of the tourist services i.e., that sides to tourist activity, simultaneously belonging to and social development in economy. Noting need of the tourism as newly developing branch in economy of Kyrgyzstan in state support and regulation, were systematized their bases. Their influences are determined on base of the separation regional aspect tourist business upon economy of the territory. By analysis of the modern condition of the regional tourist business were a certain reserves of the development of the business and is offered main trends of the development enterprise in sphere of the tourism on example Jalal-Abad area. According to opinion of the author, by creation special information-analytical center in sphere of the tourism, noted ways of the development of the tourist business. The Certain ways of state support and regulations of the tourism as dynamically developing branch and is offered assisting him state-quotient partnership.

**Practical value.** The main positions, recommendations and findings dissertation functioning possible to use in development normative-legal acts and programs of support of activity enterprise to tourist branch, directed to using in modern condition of conduct and control business-activity in region.

**The sphere of the using:** Results of dissertation can be applying in development and acceptance normative-legal acts and programs of support subject tourist market, in scientific studies on development, government regulation and support of the tourist business, in scholastic process.